# СЕКЦИЯ 6

# МАДАНИЯТТЫК - ПЕДАГОГИКАЛЫК МУРАСТАР: ИЗИЛДӨӨ, ӨЗДӨШТҮРҮҮ, АЛДЫГА ЖЫЛДЫРУУ

# КУЛЬТУРНО - ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ НАСЛЕДИЕ: ИЗУЧЕНИЕ, ОСВОЕНИЕ, ПРОДВИЖЕНИЕ

**УДК 37: 371. 126:372.2:378**

***Алимбеков А.***

*Кыргыз-Түрк «Манас» университети, профессор, п.и.д.*

## СУФИЗИМ ПЕДАГОГИКАЛЫК АГЫМЫНЫН ӨКУЛҮ ЖАЛАЛЕДДИН РУМИНИН МУРАСТАРЫНДАГЫ «АДАМ» ЖАНА «ТААЛИМ-ТАРБИЯ » КАТЕГОРИЯЛАРЫ

***Аннотация:***

*Макалада Жалаледдин Руми Мевлананын мурастарындагы өзөктүү педагогикалык түшүнүктөр талдоого алынат.*

***Түйүндүү сөздөр:***

*Адам, таалим-тарбия , суфизм, педагогика, икая, тарбиячы, билим.*

*Man, education, Sufism, pedagogy, parables, caregiver, knowledge.*

Адамзаттын педагогикалык маданияты өткөн чак, учур чак жана келечектин биримдигинен турганда гана телегейи тегиз, толук кандуу өнүгө алат. Ал эми мындай гармонияны камсыз кылуунун бирден бир ишенимдүү жолу адамзаттын алп ойчулдарынын мурастарындагы адам насилин агартуу жана жакшырутуу жөнүндөгү акыл-ойлорун изилдеп, бүгүнкү күндүн татаал маселелеринин контекстинде чечмелөөдө турат. Ошондой мамилени талап эткен жалпы адамзаттык масштабдагы орошон ойлордун бири – Жалаледдин Руми Мевлананын мурастары. Жалаледдин Руми бир эле мезгилде даанышман, ойчул акын жана бүткүл адамзат үчүн таанымдык жана тарбиялык маңызы терең акыл ойлорду жаратып, өз доорунан ат чабым алга кеткен педагог – аалымдардын катарында турат.

Жалпыга маалым булактар боюнча анын чын аты Мухаммад Жалаледдин. Ал 1207-жылдын 30-сентябрында азыркы Афганистандын аймагындагы Балык деген шаарда өз замандаштарына насаатчы-аалым катары маалым Бахаддин Веледдин үй-бүлөсүндө туулган. 1220-жылы 13 жашында Чыңгызхандын Орто Азияга жасаган чабуулу учурунда шаардан үй-бүлөсү менен жашыруун качып чыгып, 1221-жылы Румга, азыркы Турциянын Караман шаарына келген. Жалаледдин Руми деген фамилияны ошол себептен алган. 1225-жылы үй-бүлө куруп, 1228-жылдары селчук султандарынын борбору Конья шаарына келип, өмүрүнүн акырына чейин ошол жерде жашаган. Аалым атасынан таалим-тарбия алган Мевлана өзүнүн билимин Коньядан да өркүндөтөт. Дээринен зээндүү болгондуктан көптөгөн тилдерди үйрөнүп, ал тилдерде сабаттуу жазганды өздөштүрөт. Дин илимин терең изилдеп олтуруп, суфизм агымына сүңгүйт. 34 жашында ага “Мевлана” деген өтө жогорку даражадагы илимий наам ыйгарылган. “Мевлана” араб сөзү. Бизче “окумуштуулардын окумуштуусу”, “аалымдардын аалымы” дегенди түшүндүрөт. Демек, бул даража катардагы окумуштуу-аалымдардын энчиси болгон эмес.

Ал 1241-1245-жылдары атасынын жана устаттарынын методдору менен исламдын эрежелери (фыкых), диний билимдер тууралуу дарс окуп, калкка насыятын берип кызмат кыла баштаган. Окутуучулуктан тышкары жалпы калкка руханий таалим берип, зикир кеңешмесин курган, адамдарды ислам динине чакырган.

*Жалаледдин Руминин чыгармалары.* Мевлана Жалаледдин Руми көпчүлүк изилдөөчүлөр белгилегендей поэзия жанры аркылуу адам насилин ар тараптуу өнүктүрүүгө өлчөмсүз мааниге ээ философиялык жана педагогикалык өңүттөгү акыл ойлорду жараткан. Андай чыгармалардын катарында 31 миң ыр сабын камтыган (“Месневи”) “Кош ыр саптары”, 44 миң саптан турган 2073 газелди камтыган (“Дивани Кебир”), “Улуу Дивани”, 4000 саптан турган философиялык жана

лирикалык рубаилери жана башкалар бар. “Мектубат” – Мевлананын жакын санаалаштарына, досторуна жана айрым аалымдар менен окумдарларга жазган каттарынан турган китеби. “Фих-и Ма Фих” – Мевлананын маек-баарлашууларынан түзүлгөн жыйнагы. Бул чыгармалар Желаледдин Руминин шакирттери менен уулу Султан Велед тарабынан кагазга түшүрүлгөн. Чыгармаларынын дээрлик баары фарс тилинде жазылган. Желаледдин Румини өзгөчө атак-даңкка бөлөп, аны дүйнөлүк даанышман акындардын катарына кошкон мурасы “Месневиси”. Ал болжол менен жыйырма алты миңге жакын бейтти өз ичине камтып алты томго бириктирилген. Тарыхнаамаларда айтылгандай, ал чыгарма Желаледдин Румининин жети жылдык (1260-1267) чыгармачылык мээнети менен жазылып бүтүп, 13 кылымдан тарта таасири күч Осмон империясынын Европа, Аравия жарым аралы, Түндүк Африка, Жакынкы чыгыш жана Орто Азия аймагындагы ар бир мусулмандын үйүндө сакталып, журт башылар менен каратаман калк үчүн акылгөй энциклопедияга жана адамзаттын рухун тазарткан баалуу таберикке айланган.

Мевлананын жана анын замандаштарынын педагогикалык көз караштарынын тамыры суфизмге барып такалат. Суфизм диндеги мистикалык-аскеттик агым катары мусулмандар дүйнөсүнүн маданиятына олуттуу из калтырган. Мистика же мистицизм – кудай менен жеке байланыш түзүү тажрыйбасын жаратууга умтулган агым.

Аскетизм адамдын жашоосун бул дүйнөнүн жыргалынан кечүү, тирүүлүктү акыретке даярдануу катары чечмелейт. Ушундай жоболорду жетекчиликке алган суфий поэзиясынын өкүлдөрү материалдык дүйнөнүн жыргалчылыгынан кечүүгө, бул дүйнөнүн беш күндүгүн, аркы дүйнөдө гана мусулман адамы түбөлүк бейкуттукка жетет деген идеяны даңазалашкан.

Суфий педагогикалык агымын жеткилең аңдап-үшүнүүдө “сопу” жана “дербиш” түшүнүктөрү да маанилүү. Булар өзгөчө жашоо образын күткөн адамдардын тиби. Сопу –мистикалык теорияны жаратуучу адам. Дербиш – ошол жашоо моделин жетекчиликке алып өмүр сүргөн пенде. Жалпы белгилери боюнча сопу деле дербиштин дал өзү. Айрым өзгөчөлүктөрүнө гана басым жасалат.

Суфийлерге чыгармачыл акыл, ал эми сопуларга толуп ташкан эмоция, жер кезип жашоого умтулуу сыяктуу сапаттар мүнөздүү болгон. Белгилүү иранист Е.Э.Бертельстин [5] оюу боюнча суфийлик шайыктар адамдардын көмүскө аң-сезимне таасир этип, көз карашын, туткан позициясын түп-тамырынан өзгөртүүнүн эң ийкемдүү инструменттерин таба алышкан. Мындай мектептен өткөн инсандар өзүн өзү чектөөнүн, ачык максатка багыт алуунун жана ага жетүүдөгү амал-аракеттерди кынтыксыз аткаруунун натыйжасында кыйшайгыс эркке, ажалды күлкү менен тосуп алууга, бирөөнүн жашыруун сырын аңдап-түшүнүүгө жетишишкен.

Суфизм агымынын натыйжасында адамды өнүктүрүү, адеп-ыйманга тарбиялоо багытында көп сандаган педагогикалык акыл-ойлор, тажрыйбалар топтолгон. Суфизмдин ичинде да бир канча агымдар, мектептер болгон. Мевлана өз мезгилинде “мавлави” агымындагы зикир чалуу ишин ыр, бий менен айкалыштырган окуусун жараткан. Бул мектеп Батыш Европага *“тегерене бийлеген дербиштердин ордени”* деген ат менен белгилүү болгон. Суфисттер адеп таануу багытындагы салттан тыш ой-тыянактарды жеткирүү үчүн адабий жанрлардын бөтөнчө каражаттарын колдонушкан. Тегеренген дербиштердин баштары жер шары сыяктуу 23˚ градуска оң ийинине карай жатып турат. Алар терең трanска киришип, бир ордунда жети күн бою тегеренип бийлегенин айтышат. Көрөрмандарга дербиштер тегеренбей эле, жер шары алардын таманы астында айланып жаткандай сезим калтырат. Өз огунда айланган жер сымал дербиштер да Жараткан менен жалгашып, мындай “сыйынуу” учурунда алардын акыл-сезими реалдуу дүйнөдөн түбөлүктүү түшүнүктөргө жетеленип кетет.

Мевлананын мурастарынан адам насилин өнүктүрүүдөгү таалим-тарбия нын ролу, максаты, мазмуну жана метод-ыкмалары тууралуу баш-аягы калыптанган педагогикалык көз караштардын жана тажрыйбалардын системасын толук конструкциялап чыгуу мүмкүн. Анын окуусунда адам пендесинин инсан катары калыптанышында жазмыш (тагдыр, ата тек) башкы мааниге ээби же тарбиябы деген суроого да акыйкат жана ишенимдүү жооп табууга болот. Мевлана адамдын өнүгүшүндөгү таалимтарбия менен жазмыштын ролун өз-өзүнчө жана өз ара дилектикалык байланышта карап, рационалдуу акыйкат-тыянактарды чыгарууга жетишкен. *Жазмыш* – эзелтен калыптанган диний түшүнүк. Адам тагдыры алдын ала белгиленет, “ар ким бешенеге жазганды көрөт” – деген маанини туюнтат.

Мевлананын пикиринде адамдын өнүгүшүндө жазмыш жана таалим-тарбия , билим берүү бири-бирине карама-каршы эмес, тескерисинче бирин бири толуктоочу күч. Улуу ойчул жазмыш түшүнүгүн мындайча образдуу туюнтат: *“Шүгүр деген эмне? Шүгүр бул – төө. Анын баласычы, артынан калбай чуркап жүргөн? Ал төөнүн баласы – бото. Ал эми биз жазмыштын балдарыбыз, бардыгыбыздын энебиз жазмыш, анын балдары сыяктуу жазмыштын тегерегинде чуркап жүрөбүз.*

*Андан сүт эмебиз, аркасынан чуркайбыз, чыгышка барабыз, батышка барабыз же көккө учабыз, андан калбайбыз."* **[ 1. 132]**

Бир караганда бул сөздөрдөн жазмыштын адам насилин аныктоочу ролун абсолют катары тааныгандай туюлат. Бирок, Мевлана өз заманындагы диний догмалардан алда канча алдыга кетип жазмышты таалим-тарбия , билим берүү аркылуу өнүктүрүүгө болот деген. Тагдыр адамды индивид катары бар болушун аныктайт, анын адамдык насили алган таалим-тарбия , нускасына карай аныкталат. Жазмыш пенденин кандай коомдо төрөлгөнүн жана ошол коомдун баалуулуктарына жараша өнүгүш багытын, азыркы тил менен айтканда, таалим-тарбия , билим берүүнүн максатын аныктайт. Ал эми ошол максатка жетүүнүн узак жана татаал жолун жарык кылып баштап алып барган каражат бул – таалим-тарбия.

**Мевлананын Таалим–тарбия жөнүндөгү көз караштары анын адам табияты тууралуу түптүү окуусу тыгыз байланышта.** Ал дүйнөнү дүңгүрөткөн улуу ойчулдар сыяктуу чыныгы адамды издөөдөн талыган эмес. Анын бүтүндөй окуусунун өзөгүн дал ушул маселе түзөт десек да аша чапкандыкка жатпайт. Ал "Месневисинде" чак түштө чырак менен адам издеген бир адамды мисал кылган жери бар:

«– Бирдемеңди жоготконсуп, жанталашып эс албай
Ким мынчалык издегениң кыдырбаган жер калбай?

Шам кармаган айткан экен: – Талбай таштап кадамды,
Үмүт үзбөй өмүр бою издеп жүрөм адамды.

Берки айтат: – Чунак десе, дүйнө жүзү адамдар,
Кайсы жакка сен барбагын баардык жерде адам бар!

– Анын чын, - дейт шам кармаган, - болуш үчүн санам ток,
Толгон элдин арасында мага керек адам жок!

Жер жүзүндө эл ичинен кумурскадай жайнаган,
Керек бизге асыл адам эки жолдон тайбаган.

Акыйкатка алып бараар сүйүү жолун эп көргөн,
Ошол жолдон баспаганды душманындай жек көргөн.

Андай адам кайсы жакта, айткылачы дарегин?
Жаныбызды тартуулайлы, көзүбүздүн карегин.» дейт, адамды ар тараптан карап, анын болмушун түшүндүргөн. **[ 7. 26]**

Мевлананын адам баласын үч топко ажыратат: "Адам деген жандык кудайдын сыноосу менен түрлөргө бөлүнгөн... Бардыгынын сырткы келбети адам, бирок өз ара айырмаланат: Бир түрү периште сымал, жаман сыпаттардан арылгандар. Андан кийинкилер жаныбар сыяктуулар, алардын кылык-жоруктары айбандыкындай. Алар периштелик сапатын жоготушкандар. Мындай адамдар укмуштуудай нерселерди жасашат, колунан бардык нерселер келет, алтындан кийим тигишет, деңиздин түбүндө жаткан берметтерди алып чыгышат, илимдин сырын дагы ачышат, бирок бул жөндөмдөрү аларды кудай жолуна алып барбайт**[ 1. 1510]** . Адамдын дагы бир түрү бар, ал ар дайым өзүндөгү жаныбардык сапатын жеңүү максатында, ал сапаты менен күрөшүү, салгылашуу менен алектенет **[ 1. 1530].**

Периште жандуу адам Мевлананын түшүндүргөнүнө ылайык бул идеалдуу, кемтиксиз, ыйык адам. Мевлана мындай адамдарды "Инсан-и камил" деп атаган жана аларда эң жогорку сапаттар камтылган. "Инсан-и камил", башкача айтканда кемтиксиз адам, ач көздүк, ичи тардык, кызганыч, көрө албастык, ачуулук (же жинденүү) сыяктуу сапаттардан арылган. Андан кийинки баскычтагы адамдарда периштелик жана жаныбардык касиеттер бар. Себеби алар же толугу менен ыйык адам эмес, же толугу менен жаныбар эмес. Алар жаныбарга окшогон сапаттары менен күрөшкөн адамдар, алар же жакшы же жаман адам боло албай кайсактап жүргөндөр. Бул адамдар ортоңку баскычта турат. Эң ылдыйкы, эң төмөнкү баскычта өтө жаман сапатка ээ, тактап айтканда жаныбардык сапатка ээ адамдар турат. Мындай адамдарды оңдоо-түзөөнүн башкы ориентири катары жаратканга жалгашууну эсептеген. Анын бул көз карашы "Месневинин" киришүү бөлүмүндөгү "Сыбызгынын муң-зары" аттуу он сегиз бейитте даана, так туюнтулган. Сазда өсүп турган камышты кимдир бирөө тамырынан кесип алып, ичин тазалап кургаткан соң, боорун көзөп, сыбызгы жасайт. Анан ал сыбызгы ошол кесилген күндөн тарта арман-күйүтүн күүгө салып, сыздай баштайт. Анын сыбызгыган муң-зары аял-эркек, жаш-карыны, айтор эшиткендин баарын муңкандырып ыйлатат. Анткени кыркылган камышты куса кылган нерсе бул – түпбашат. Башкача айтканда, өзү өнүп-өскөн

саз, ал жерде калган өзөк-тамыры. Ошондуктан ал ар дайым азык алып турчу баштапкы тамыры менен кайрадан биригүүнү эңсейт:

Ким болбосун "түпбашаттан" айрылган,
Күндү самайт кайра ага кайрылган! **[ 2. 27]**

Мевлана кайманалуу түрдө өзөк-тамырын издеген кадимки камыш сыбызгыны "сүйлөтүү" аркылуу өзүнүн түпбашаты – Жаратканга жалгашууну эңсеген адам пенденин арман-азабын ырга салган. Анын окуусунда көрпендени жаратканга жакындатып, инсан-и камил даражасына жеткирүүчү жападан жалгыз жол Таалим–тарбия .

Ошондуктан, ал таалим-тарбия ны *"муктаждык"* менен бирдей деңгээлдеги категория катары туташ жана ажырагыс биримдикте карайт. Жогоруда белгиленгендей, пендеде андан ары бапестеп багып, өнүктүрүүгө муктаж жөндөмдүүлүктөрдүн "данеги", "уюткусу" гана болот. Алардын андан ары өнүгүп кетиши үчүн таалим-тарбия аба менен суудай зарыл.

Мевлана адамдын таалим-тарбия, билим берүүгө муктаждыгын, өсүмдүктүн жамгырга болгон муктаждыгы менен тең карап салыштырат. *"Биз эгилген дан сыяктуубуз, бул мейкиндикте алсыз болуп, оозубуз кургап, жаныбыз, жүрөгүбүз менен жамгырдын булутун издеп, күтөбүз."*. **[ 1. 1530].**

Мында ооз кургоо, чаңкоо – адамдын быша электиги (чийкилиги) жана толук кандуу жетилбегендиги, бирок өнүгүүгө дарамети бар дегенди билдирет. Бул нерсе адамды өзүн өзү өнүктүрүү багытында изденүүгө өбөлгө болот. Кем-өксүктөрүн толуктоодон улам пайда болгон нерсе бул Таалим-тарбия алууга, үйрөнүүгө карата керектөө жана изденүү.

Өзүн өзү өнүктүрүү багытындагы билим алуу, үйрөнүүнүн чеги жок. Адам баласынын өнүгүш-өсүшүндө кандайдыр бир баскычка жеткенге корстон болуп, өнүгүүнүн алдыга жылуусун токтотуп коюу деген түшүнүк болбошу керек. Мевлана жашоосунун көп бөлүгүн жаңы нерсени үйрөнүүгө, жакшылыкка умтулууга, напсини жеңүүгө жана акыйкатты табууга арнаган. Мына ошондон улам үйрөнүү ал үчүн негизги нерсе болуп эсептелет. Бул боюнча Мевлана: "Ар бир устаттан же достон болобу бир нерсени үйрөнүүгө умтулуңуз. Мындайча сиз бул дүйнөдөн дагы башка дүйнө бар экендигин, бул күндөн башка дагы бир күн бар экендигин билесиз..." деген. Бул сөздөр мистикалык мааниге ээ болгону менен аларда кандайдыр бир даражада педагогикалык маанидеги билим дагы бар. Бул жерде Мевлананын айткысы келгени, билим ар бир адамда бирдей эмес, ар кандай адамда ар кандай баалуу нерселер, ой-пикирлер болушу мүмкүн. **[ 12. 153]**

Таалим-тарбия , билим алуу, үйрөнүүгө болгон муктаждыкты мындайча түшүндүрөт: "Бул алдамчылардын базарында чынчыл көрүнгөндөр көп; сенин акылың күчтүү болсо дагы, сени алдап кете тургандар көп." Мевлана белгилүү өлчөмдө тарбияны күндүн жарыгына теңейт, күн кандайча караңгы дүйнөгө жарык чачса, таалим-тарбия , билим берүү дагы караңгы жандарга жарык нурун төгөт. Адам кандай жеке өзгөчөлүктөргө ээ жана канчалык деңгээлде жөндөмдүү болсо дагы, ал ар дайым таалим-тарбия , билим алууга муктаж.: *"Ааламдын тирөөчү, ишеничи болсоң дагы баары бир мага муктажсың, жарыкка ээ болсоң да, күнгө муктажсың." "Мен аркыраган асыл ташмын десең дагы, күндүн жарыгысыз жаркырай албайсың"*. **[ 1. 153].**

Мевлананын пикиринде ар бир өсүмдүккө жашоо берген аккан суу сымал, таалим-тарбия да адамга руханий жашоо берген иш-аракет. Таалим-тарбия – бул кишилик нарк-насили тайыз адамдар үчүн жан дүйнөсүнөн арык казып, өз аракети менен азыктануу иши менен барабар. Жүрөк чынжыр болсо, азап тартуу от сыяктуу. Таалим-тарбия алуу жолу – сүйүүнүн отунда күйүү сымал. Таалим-тарбия адамдык түпбашатка, маңызга (сущность) карай татаал жол, чыныгы маңызды көрө билүү, жасалма маңызды көздүн жашы менен сугарып жумшартуу искусствосу. Б.а. таалим-тарбия – бул өзгөрүү, жетилүү үчүн бышуу, эрчүү, көтөрүлүү. Таалим-тарбия , билим берүү – бул жаз, ал соолуган гүлдөрдү жашартат, жан берет. Мевлананын бул көз карашы азыркы заманга ылайык болгон "баланын жеке инсандык (мендик) сапатын алдыга чыгаруу" түшүнүгү менен шайкеш келет. Мевлана азыркы заманга ылайык түшүнүктөн дагы алдыга кетип, баланын жеке инсандык сапатын билип, аңдап, аны алдыга түртүшүн каалайт.

Жеке инсандык сапатын тарбиялоодо ал өзүн табат, таалим-тарбиянын, билимдин эркин деми аркылуу ал бала эркиндиктин дүйнөсүнө сүңгүп, жеке "мен" же жеке инсан сапатын өйдөлөтөт.

Мевлана таалим-тарбия ны өнүгүү, өзгөрүү, жетилүү жана *руханий жактан байуу искусствосу* катары карайт. Адамды сүрөттөөдөн мурун алгач анын ички дүйнөсүн толтурууну сунуштаган. Таалим-тарбия иш-аракетин жан берүү, жаңыландыруу, формага келтирүү деп түшүндүрөт.

Мевлана таалимчи менен окуучунун ортосундагы мамилени, жыгач устасы менен тактайдын ортосундагы байланышка салыштырат. *"Устанын ишинде окуучу балкадан дагы, мыктан дагы качпашы керек. Тактай сыяктуу баш ийип бериши керек. Балкага каршы болбошу керек. Эгер устадан качам деп ойлогон болсо, анда от жакканга отун боло тургандан башка амал жок экендигин түшүнүшү керек."* **[ 1. 1201].**

Тактай устага баш ийгендиги үчүн гана башка форма, түр-түспөлгө ээ болуп, башкалар үчүн муктаждык жараткан зарыл затка айланат.

Экинчи бир мисалда Мевлана адамдын тарбияланып бышып-жетилишин алмаз менен салыштырат. "*Алмаз өзүнүн бекемдиги жана курчтугу менен бааланат. Ошону менен бирдикте алмаз нерсенин туруктуу жашоосунун шарты, ал ар түрдүү көмүртектерден түзүлүп бышы-жетилет. Ал мындай сапатка сырткы таасирлерге каршылык көрсөтүү аркылуу – өтө жогорку жер алдында өтө чоң басым аркылуу ээ болот. Бул процессте алмаз энергиянын түгөнгүс запасына ээ болот, анын кристалдык торчолору бекем, туруктуу касиетке ээ болот. Натыйжада, алмаз башка заттардын таасирине туруштук берүүчү затка – бриллиантка айланат».* **[1. 1530]**

Ошондой эле көптөгөн көнүгүүлөр аркылуу калыптанган адам психикасы сырткы күчтөрдүн азгырма таасирлерине азгырылбас туруктуу сапатка ээ болот.

Ошентип, Мевлананын пикири боюнча таалим-тарбия процесси адам пендесин татаал сыноолор аркылуу өзүн жаратկандын баалуулуктарына алып баруучу, бышып-жетилдирүүчү жол. Тарбиячы, устат таалим-тарбия ишин тарбиялануучу кемелине келип, өз алдынча субьект катары калыптануу жолуна түшкөнгө чейин тынымсыз улантып олтурат. Таалим-тарбия иш-аракетинде бир формага келген адам, өз алдынча субьект катары жетилип, башкалар менен тең ата даража күтүп жашоого жетишкен адам.

**Пайдаланган адабияттар:**


1. Mevlana, Mesnevi, 2011, s. 1510, c.IV.
2. Mevlana, Mesnevi, 2011, s. 1530, c.IV.
3. Mevlana. (1991). Mesnevi. (haz. *V.* İzbudak , A. Gölpınarlı ), İstanbul. Şark İslâm Klasikleri
4. Mevlana. (2011). *Mesnevi Tam Metin.* (A. Karaismailoğlu, çev.) Ankara: Akçağ Yayımları.
5. Tekin, G. (2012, Ocak). Mevlana'nın Eğitim Görüşleri ve Rehberlik ve Psikolojik Danışmanlık Alanına Etkisi. *Eğitişim Dergisi*(33).
6. Джан, Ш. (2008). *Мевляна Джалаледдин Руми - жизнь, личность, мысли.* Москва: Новый свет.
7. Исмаилов, А. (2007). Мевляна жана түп башат. *"Да Кыргызстан" маданий-интеллектуалдык журнал*(3), 25-27.
8. *Мевляна Желаледдин Руми жана дүйнөлүк цивилизация.* (2013). Бишкек: "ИМАК ОФСЕТ" басмаканасы.
9. Руми, Дж. (2007). *Дорога превращений. Суфийские притчи.* (Д. Щедровицкий, пер.) М: Издательский дом "Оклик".
10. Руми, Ж. (2000). *Дил сыры.* (к. Б. К., котор.) Тегеран: Эл аралык "Альхудо" басмасы.
11. Топбаш, О. (2007). *Бир кумура суу.* (Б. Мурзараимов , & К. Өмүрзаков, Кот-лар.) Бишкек: ЖЧК "Из-Басма".
12. Doğan, Türk Eğitim Tarihinin Ana Evreleri, 2010, s.128